**1.УГУЛДУ:**

Ош технологиялык университетинин кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Абдрахманов Заирбек Паизович 2019-2020-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча отчетун сунуштады. Баяндамасында кабыл алуу Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлиги менен макулдашылып, Ош Технологиялык университетинин ректору тарабынан бекитилген жогорку жана орто кесиптик билим берүү программасы боюнча Ош Технологиялык университетине 2019-2020- окуу жылына 1 курска кабыл алуу эрежеси, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн көрсөтмөсү менен бекитилген, «Абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөөдөн өткөрүүнү жана аларды мамлекеттик билим гранттарын конкурстук бөлүштүрүүнү жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө", Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайына кабыл алуу иретине" ылайык жана "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында студенттерди окутуу үчүн мамлекеттик билим гранттары жөнүндө" жоболордун негизинде иш алып барылганын айтып кетти.

2019-2020-окуу жылына ОшТУга абитуренттерди кабыл алууну уюштуруу үчүн, ректордун буйругу жана кабыл алуу комисиясынын жооптуу катчысынын билдирүүсүнүн негизинде төмөнкү курамдагы комиссия түзүлүп, иш алып барды.

1. Абидов А.О. профессор, ОшТУнун ректору, комисиянын төрагасы.
2. Мансуров К.Т. проф, ОшТУнун ОИ боюнча проректору, комисиянын төрагасынын орун басары.
3. Абдырахманов З.П. Кабыл алуу комисиясынын жоопту катчысы.
4. Турдуев И. ЭФнин декандын орун басары, жоопту катчынын орун басары.
5. Баатыров З. ТК, Экономика каф.башчысы, жоопту катчынын технологиялык колледж боюнча орун басары.
6. Абдырахманов Б. КБжДБнын жетектөөчү адиси; жоопту катчынын тех катчылар боюнча орун басар жана материалдык каражаттарга жооптуу.
7. Эргешова Г.А. –АУжТТФнин окуу иштери боюнча инспектору, КАКнын ЭВМ оператору.

Кабыл алуу комиссиясынын жаңы окуу жылына карата даярдануу иш аракети жылдагыга салыштырмалуу эрте, үстүбүздөгү окуу жылдын башынан тартып эле башталган. Кыргыз Өкмөтүнүн талабына ылайык октябрь-декабрь айлары ичинде ОшТУнун тиешелүү кафедралары гранттык орундар үчүн өндүрүштүк ишканалары менен келишимдерди түзүү аракеттерин жасады. Анын жыйынтыгында төмөндөгү багыттар боюнча тиешелүү ишканалар менен келишимдер түзүлдү жана министирликке маалыматтар жеткирилди.

Кабыл алуу комиссиясынын иши иш планына ылайык алынып барылганын айтып, иштин багыттары боюнча кеңири маалымат берди.

Баяндаманы талкуулоого Токоев М.П., Жанибеков М.Ж., Аширбаева А.Ж., Жолдошов Б.М., Артыков А.Ж., Сатыбалдиев А.Б. катышышты.

Ош технологиялык университетинин окумуштуу кеңешинин көңүлүнө төмөнкү токтомдун долбоору тартууланды

**ТОКТОМ**

***"ОшТУнун 2019-2020-окуу жылы үчүн I-курска студенттерди кабыл алуу боюнча кабыл алуу комиссиясынын отчету"***

ОшТУнун кабыл алуу комиссиясы 2019-2020-жаңы окуу жылына абитуриенттерди кабыл алууну, Кыргыз Республикасынын билим жана илим минстрлигинин буйругу боюнча, атайын түзүлгөн жана ректор тарабынан бекитилген иш план боюнча жүргүздү. Кыргыз өкмөтүнүн талабына ылайык октябрь-декабрь айлар ичинде ОшТУнун тиешелүү кафедралары тарабынан гранттык орундар үчүн өндүрүштүк ишканалар менен келишимдер түзүлдү.

ОшТУга 2019-2020 окуу жылына минстрлик тарабынан кабыл алуунун планы бекитилди.

Кабыл алуу комиссиясы кесипке багыттоо иштерин салыштырмалуу ири масштабды камтуу менен Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын райондоруна мектептерге 2019-жылдын февраль айынан 25-майга чейинки график боюнча жүргүздү.

Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы менен окутуу формасынын бардык түрлөрүнө кабыл алууга босого балл 110 упай, кошумча предметтик тест 60 упай

болуп (кошумча предметтик тест жок болгондор да конкурска катыша алышат) минстрлик тарабынан бекитилди.

2019-2020-окуу жылы үчүн ОшТУнун 1-курсуна абитуриенттерди кабыл алуу жылдагыдан өзгөчөлөнүп окуунун бардык бөлүмдөрүнө кирүү конкурсуна жалпы Республикалык тесттин босого баллдан өткөн абитуриенттер катыша алышты.

Контрактык негизде кабыл алуу күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмүнө 1-июлдан 15-сентябрга чейин жүргүзүлдү.

Жалпысынан 1-курска:

- күндүзгү гранттык окуу бөлүмү боюнча план -249, кабыл алынды -241 студент
- күндүзгү контракттык окуу бөлүмү боюнча план- 1281, кабыл алынды -1152 студент
- сырттан окуу бөлүмү боюнча план- 655, кабыл алынды - 999 студент
- **Кадрларды кайра даярдоо институтуна план 135, кабыл алынды 69 студент**
- 2- курстарга кабыл алынган студенттердин саны- 1052
- 3- курстарга кабыл алынган студенттердин саны -81
- **Магистратура бөлүмүнө план 349, кабыл алынган магистранттардын саны 100**

Жалпысынан технологиялык колледж боюнча 2019-2020-окуу жылына 2050:
9-класстын базасы менен 825 студент,
11-класстын базасы менен 700 студент,
Сырттан окуу бөлүмүнө 500 студент кабыл алуу пландалган.

Анын аткарылышы:
9-класстын базасы менен 732 студент,
11-класстын базасы менен 305 студент,
Сырттан окуу бөлүмүнө 303 студент кабыл алынды.

**Жалпысынан технологиялык колледж боюнча 1340 абитуриент кабыл алынды.**

**Жалпы университет боюнча 5034 студент кабыл алынды.**

**Анын ичинен:**

- **2807 - кыргыз,**
- **2227 – чет өлкөлүк абитуриенттер.**

2018-2019-окуу жылы менен 2019-2020-окуу жылындагы абитуриенттердин кабыл алуусун салыштырып карасак. Жалпы университет боюнча кабыл алынган абитуриенттердин саны өткөн окуу жылында 1351 студент, ал эми жаңы окуу жылына 5034 студент кабыл алынды. Анын ичинде технологиялык колледж боюнча кабыл алынган абитуриенттердин саны өткөн окуу жылына 1432 студент, жаңы окуу жылына 1340 студент кабыл алынды.

2019-2020-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуунун өзгөчөлүктөрү.

1. Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы менен күндүзгү бюджеттик, контракттык жана дистанттык окутуу формасына кабыл алуу босого баллы 110, кошумча предметтик балл 60 болду (келишимдик негизде предметтик балл зарыл эмес).
2. Кабыл алуу 4-тур менен аяктады. I-II-III турларда гранттык орундарга жарыяланган сынакка катышуу үчүн ар бир абитуриент сөзсүз түрдө негизги тесттин жана адистигине жараша кошумча предметтик тестин босого баллдан жогоркусу талап кылынды.
3. Абитуриенттерди кабыл алуунун процесси толугу менен ОшТУнун башкы корпусунун биринчи этажында экранда чагылдырылды.
4. Кабыл алуу комиссиясынын ишин башынан аягына чейин маалымат өкүлдөрү, мамлекеттик эмес уюмдар, Ош шаарынын билим берүү башкармалыгынын өкүлдөрү жана байкоочулары көзөмөлдөп турушту.
5. Кабыл алууда олтурган ар бир тех.катчыга ОшТУнун логативи басылган футболка, кепкалар кийгизилди.